**Алымбаев Абдрахман Мырзагуловичтин 09.00.03-философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган “Байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын мифоэпикалык табияты: Тенир философемасынын эволюциясы” аттуу диссертациясынын илимий консультанты, КР УИАнын академиги, философия илимдеринин доктору, профессор Ы. М. Мукасовдун**

# ПИКИРИ

Кыргыз эли аты көөнө тарыхта учураган жана өз аталышын ушул убакка чейин жоготпой сактап келаткан дүйнөдөгү сейрек элдердин бири. Өзүнүн басып өткөн узун жолун Кыргыз эли “Манас” эпосу баш болгон элдик оозеки чыгармаларында баяндап келген. “Манас” эпосу көптөр ойлошкондой – ал бир адамдын башынан өткөн тагдырды баяндаган чыгарма эмес, ал ыр менен жазылган Кыргыз элинин тарыхы, бутүндөй бир улуттун басып өткөн узун жолу. Демек, “Манас” эпосу Кыргыз элинин азыркы учуру менен өткөн доорун туташтырып турган руханий көпүрө. Андыктан, кыргыз дүйнөтаанымы тууралу сөз болуп жаткан учурда бул улуу чыгарманы кыйгап өтүү мүмкүн эмес. Изилдөөчү мейли байыркы кыргыз дүйнөтаанымынын генезиси тууралуу соз кылабы же Тенир философемасынын эволюциясы тууралуу ойлорун айтабы, ал сөзсүз “Манас” эпосуна кайрылбай койбойт. Ошондуктан “Манас” эпосун ар тараптуу изилдөө – ал бүгүнкү күндүн оолуттуу зарылчылыгы.

Өз мазмунуна өткөндүн көп кылымдык тарыхый-философиялык казынасын камтыган элдик дүйнөтаанымдын бай тажрыйбасын билбей туруп, азыркы ар тараптуу өнүккөн, кыргыз элинин улуттук нарк-насилине каныккан заманбап адамды калыптандыруу мүмкүн эмес. Өткөн доордогу ата-бабалардын дүйнөтаанымын анын ичинде мифологиялык, мифоэпикалык, диний жана философиялык формаларын билбей туруп, биз өзүбүздүн келечекти аныктай албайбыз. Кайдан келатканын билбеген эл, кайда барарын да билбейт. Дал ушул көз караштан алганда, байыркы Кыргыз элинин дүйнөтаанымын изилдөөдө анын руханий бай казынасынын негизин түзгөн

эпикалык чыгармаларга булак катары кайрылуу жана аларды илимий изилдөөлөргө алуу милдети алдыда турат.

Диссертациялык изилдөөдө автор дүйнөтаанымдык түшүнүктөрдүн генезисин жана түрлөрүн, кыргыз элинин дүйнөтаанымынын негизин түзгөн Тенир филосфемасынын тарыхын, антропологиялык жана этнологиялык маселелерин, ошондой эле ар кандай ички-сырткы таасирлерден улам өзгөрүүлөргө учураганына карабастан сакталып келаткан өзгүн тарыхый-философиялык талдоого алган.

Изилдөө: Киришүү, 10 бөлүмдү ичине камтыган 4 баптан жана Корутундудан турат.

Диссертациялык иштин Киришүү бөлүмүндө теманын актуалдуулугу, максаты менен милдеттери, иштин илимий жаңылыгы, диссертациянын практикалык мааниси жөнүндө сөз болду, анын коргоого алынып чыгылып жаткан негизги жоболору орун алды, изденүүчүнүн жеке салымы көрсөтүлдү, изилдөөнүн натыйжаларынын апробациясы жана алардын жарыяланган эмгектеринде толук чагылдырылышы, иштин курамы жана көлөмү тууралуу маалыматтар берилди.

«Адабияттарга обзор» деп аталган биринчи бапта кыргыз элинин дүйнө таанымынын ойломун изилдөөгө арналган илимий эмгектер талдоого алынган. Автордун жазганы боюнча, окумуштуулар Орхон-Энесай аймагынан табылган таштардагы жазууларды изилдеп жатып, байыркы түрктөр сыяктуу эле байыркы кыргыздар да Теңирдин образы аркылуу бир Улуу Духтун бар экенине ишенишкени тууралуу маалыматтарды табышкан. Алар (окумуштуулар) байыркы кыргыздар жашап жаткан коомдун системасы, анын өзгөрүшү гана эмес, адамдын өлүмү да кудайдын эрки менен байланыштуу деп эсептешкен деген жыйынтыкка келишкен. Демек, илимпоздордун пикири боюнча, кыргыздардын диний ишенимдеринде бир Улуу Духка - Тенирге сыйынуу белгилүү орунду ээлеген. Ошондой эле окумуштуулар: «Эгерде Тенирге сыйынуу чыныгы нерсеге сыйынуу болбосо, анда, ал 20-кылымга чейин сакталып калмак эмес» деп туура белгилешкен.

Исламдын таралышынын алгачкы этаптарында да, кыргыздар Тенирдин маңызын жана образын жоготушпай, аны мусулман кудайы Алла менен тез жана оңой эле окшоштурушкан».

Кыргыздардын мифоэпикалык дүйнөтаанымын чагылдырган оозеки чыгармаларда, тагырак айтканда, манасчылар айтып жаткан “Манас” эпосунда да Кыргыздын дал ушул дүйнө таанымга байланышкан ишенимдери баяндалат.

Биринчи бапта ошондой эле байыркы кыргыздардын дүйнө таанымынын мифоэпикалык табиятынын философиясын изилдөө методологиясы тууралуу жазылган. Анда байыркы кыргыздардын дүйнө таанымынын мифоэпикалык табиятын изилдөөнүн ыкмалары жана методологиясы өзгөчө мамилени жана бул маданияттын өзгөчөлүктөрүн эске алууну талап кылары айтылат.

Экинчи бапта илимий концепциялар этнологиялык өңүттөн талдоого алынган. Алгач этнология илими менен этнография илимдеринин ортосундагы жалпылыктар жана айрымачылыктары тууралу кыска аныктама берилген. Азыркы орус илиминде бул термин, эреже катары, этнография сабагынын салттуу аталышы менен бирге колдонулат. Батыш илиминде этнография көбүнчө баяндоочу, аймактык дисциплина катары, ал эми этнология теориялык, жалпылоочу илим катары берилери айтылат.

Кыргыз эли өзүнүн келип чыгыш теги боюнча түрк элдеринин ичинен огуздар менен өтө жакын экени тарыхый-философиялык аспектиден изилдөөгө алынган. Түрк элдеринин ичинде этникалык жактан тектеш дал ушул эки этнос “дүйнөлүк адамдардын” урпактары экени кеп кылынат. Мисалы, санжыра жана “Манас” эпосунда айтылган маалыматтар боюнча, Кыргыз улуу бабабыз Угуз хандын урпактарынын бири. Угуз хан автордун изилдөосу боюнча “дүйнөлүк тоонун” образын алып жүргөн мифоэпикалык образ. Логика боюнча, Дүйнөлүк Адамдан – “дүйнөлүк урпактар” чыгышы керек. “Огуз наме” эпосунда анын урпактары да чын эле тик дүйнө менен түз дүйнөнү бириктирип турат. Бул мифоэпикалык образ анын балдарынын

ысымдары аркылуу чагылдырылат. Мисалы, Нурпери аялынан төрөлгөн балдардын ысымдары: Күн хан, Ай хан жана Жылдыз хан; ал эми Суупери аялынан төрөлгөн балдардын ысымдары: Көк хан, Даг хан жана Денгиз хан. Бабаасы Угуз хан сыяктуу эле Кыргыздын келип чыгышы да мифоэпикалык образдар менен шөкөттөлөт. Ал турсун санжырада жана эпосто "бабаларынын бири" катары айтылган Угуз ханга караганда Кыргыздын өзүнүн келип чыгышы алда канча байыркы жана  байыркы жана мистикалуу. Эгер Угуз хандын атасы Кара хан – "хан" же "киши уулу" болсо, мифтик Кыргыз хандын келип чыгыш теги Асман кудайы – Үлкен менен байланышат.  Кыргыз эли жана коому тууралу орто кылымдардагы араб  саякатчысы - Абу Дулафтын, же азербайжан элинин улуу акыны Низаминин ("Искендер наме") поэмасындагы айтылган маалыматтар да тан калтырбай койбойт. Кыргыз ажосунун элине жасаган камкордугу, башкаруудагы адилет мамилеси, башка элдерден айырмалуу каада-салттары, ырым-жырымдары изилдөөчүлөрдү тан калтырып, бирок ал мифологиялык аспектиден жеткиликтүү талдоого алынбай келатат. Мисалы, кыргыз мифтери жыйналып, тиешелүү илимий тармактар боюнча булак катары пайдаланылып келатканы менен Кыргыз эпониминин өзүнүн этимологиясы жана мифологиялык образы философиялык аспектиден ар тараптуу талдоого алына элек.

Ушул бапта изилдөөчү "дүйнөлүк тоо" деген мифологиялык термин менен катарлаш  "дүйнөлүк адам", "дүйнөлүк эл" деген жаны терминдерди да пайдаланат жана алардын мазмунун ачып берүүгө аракет жасалган. Миф боюнча, "дүйнөлүк адам" термини менен айтылып жаткан Адам (Ману-Манас), же "дүйнөлүк эл" эпитети менен айтылып жаткан Кыргыз эли - Кудайдын балдары. Ошондуктан,  алар "Кудайдын урпактары" болгону үчүн Асмандагы кудайлар дүйнөсүнө да таандык болуп айтылса, Киши уулдары болгону үчүн Жердеги адамдар дүйнөсүнө тиешелүү кеп кылынат. Мисалы, байыркы кытай булактарында катталган байыркы энесайлык кыргыздардын мифи боюнча: "Кыргыздар - Кудай менен тоонун боорундагы үңкүрдө

жашаган Уйдун катышынан келип чыккан”. Мына ушул фактынын өзү эле Кыргыз – «дүйнөлүк эл» экенинен кабар берет. Изилдөөдө теонимдин аталышы – Үлкен экени, ал Алтай-Сайан элдеринин уламыш-мифтеринде “Кыргыз – хандын атасы” катары айтылып келе жатканы баяндалат. Андан башка, ошол мифтик Кыргыз хандан тараган анын урпактары болгон Кыргыз уруулары да өздөрүнүн этнотүзүлүштөрүндө “тик” жана “түз” дүйнөлөрүн бириктирген образды алып жүрөрү санжыралык фактылар менен далилденген.

Үчүнчү бапта Тенир философемасынын макрокосмос жана микрокосмос түшүнүктөрү талдоого алынат. Мында, негизинен Тенир философемасынын антропологиялык маселелери козголот. Байыркы кыргыздар жол баштаган акылман адамдары менен кол баштаган баатыр ата-бабалардын арбактарын ыйык тутушкан. Алардын ысымдарын даңазалаган “Манас” эпосу баш болгон 20 жакын эпикалык чыгармаларды жаратышкан. Кыргыздар денеге камкордук көрүүдөн тышкары, рухту да азыктандыруу керек экенин жакшы түшүнүшкөн. Ошондуктан көзгө көрүнгөн жана көрүнбөгөн дүйнөлөрдү окуп-үйрөнүшкөн. Көзгө көрүнбөгөн дүйнөнүн ичинен жан тууралуу да көп ойлонушкан. Жан энергиясынын бир булагы болуп, ата-бабалардын руху саналган. Атактуу баатыр же акылман баба кайсы жерде жашап өтсө, өлгөндөн кийин да анын руху анын урпактарына жана жакындарына жардам берип, уруусун жана элин дайыма коргоп турат деп ишенишкен. Кыргыздар даңктуу ата-бабаларына таш эстеликтерди тургузуп, алардын эрдигин даназалаган жана урпактарына калтырган осуят сөздөрүн таштарга чегип калтырышкан. Эстелик урпактар менен ата-баба рухунун жолуккан жери болгон. Ата-бабалардын арбактарына арнап чалынган курмандыктар, аларды эскерип өткөргөн сыйынуу ырым-жырымдары баары алардын бейиште жашоосун камсыз кылган. Диссертацияда Тенир – макрокосмос болсо, Манас – микрокосмос катары чечмеленет. Манасты дайым Тик жана Түз дүйнөнүн ээлери колдоп жүрүшөт. Мындай көрүнүш башка бир да эпикалык образда учурабайт. Манастын кудайга гана тиешелүү айтылчу дагы бир “айкөл” деген

эпитети бар. Мына ушул сыяктуу “дүйнөлүк тоонун” же “дүйнөлүк дарактын” образын алып жүргөн сүрөттөлөр аны (Манасты) “дүйнөлүк адам” катары талдап, изилдөөгө негиз берет.

Төртүнчү бап “Байыркы кыргыздардын мифоэпикалык дүйнө таанымы жана тенир философемасы” деп аталып, Тенир дүйнөтаанымынын тарыхы жана генезиси, этимологиясы жана дуалисттик мүнөзү талдоого алынган.

“Теңир” деген сөздүн расмий тарыхы “Дингир” формасында б.з.ч. 30 кылым мурун байыркы шумерлердин чопо китептериндеги жазууларга түшкөн учурдан башталат. Ошол чопо китептеги жазууларда анын негизги мааниси – “кудай”, “асман” дегенди түшүндүргөн. Ал эми шумер текстери боюнча көрүнүктүү адис окумуштуу З.Ситчиндин чечмелөөсү боюнча Дингир теоними: “Оттуу учактар менен келгендер” же «Асмандан түшкөндөр” деген маанини да билдирет. Мунун өзү Теңир теониминин этимологиясы али толук аягына чейин чечмеленип бүтө электигин көрсөтөт. Демек, шумер мифологиясынын маалыматы боюнча, Дингир теониминин этимологиясы “кудай” деген маанини билдирет жана бул теоним негизинен “жаратман кудайларга” - “асман кудайы” Ан, “аба кудайы” – Энлил, “суу кудайы” – Энки (Эа) жана улуу “эне кудай” Нинхурсагга (Ки) гана таандык эпитет катары айтылган.

Автор Тенирди дин эмес, дүйнөтааным катары изилдеп жатып, ал өз мезгилинде диндин да ролун аткарганын жана ал “дүйнөлүк дин” болгонун белгилейт. Анткени, ал бир элге же бир мамлекетке эле тиешелүү “дин” болгон эмес. Ал байыркы Хун каганатынын, кийинки Түрк, Кыргыз жана Монгол империяларынын курамына кирген элдерде да алардын дүйнөтаанымы катары диндин жана идеологиянын кызматтарын кошо аткарган.

Жыйынтыктап айтканда, А. Алымбаевдин диссертациясында кыргыз элинин мифоэпикалык дүйнөтаанымы Тенир философемасынын алкагында теологиялык, антропологиялык жана этнологиялык аспектиден талдоого алынган. Иш жетишээрлик илимий-теориялык деңгээлде автор тарабынан өз

алдынча аткарылган. Изденүүчү өздүк ой-пикирин, тыянактарын аргументтүү, ишенимдүү бере алган.

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын докторлук диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет. Ал эми анын автору Алымбаев Абдрахман Мырзагулович 09.00.03- философиянын тарыхы адистиги боюнча философия илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептеймин .

**Диссертациялык иштин илимий консультанты,**
**КР УИАнын академиги, философия илимдеринин доктору,**
**профессор** **Ы. М. Мукасов**

Ы.М. Мукасовдун колун тастыктайт
Кадрлар б-ча инспектор Абдыкалыкова А.

**02.02.2024.**